## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу
*(2015-жылдын июнь айы)*

**1-график. МКВга суроо-талап жана аларды жайгаштыруулар**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өткөн айга салыштырмалуу Финансы министрлигинин мамлекеттик казына векселдеринин (мындан ары - МКВ) жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 490,0 млн сомду түзүү менен 32,4 пайызга жогорулаган.

Финансы рыногунун бул сегментинде институционалдык инвесторлордун жигердүүлүгүнүн жогорулашы алкагында суроо-талап көлөмү 28,3 пайызга, 541,6 млн сомго чейин көбөйгөн. Мында, 6 айлык МКВлардын сатылышы 57,7 пайызга 59,6 млн сомго чейин төмөндөгөн, 12 айлык МКВлар - 2,5 эсе, 400,0 млн сомго чейин өскөн, ал эми рыноктун катышуучулары тарабынан 3 айлык векселдер суроо-талапка ээ болгон эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо алынган кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 0,3 пайыздык пунктка жогорулоо менен 13,0 пайыз өлчөмүндө калыптанган. 6 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 11,8 пайызды (-0,1 п.п.), ал эми 12 айлык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү (ай ичинде өзгөрбөстөн) 13,2 пайызды түзгөн.

**2-график. МКВ аукциондорунун көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү[1] 135,4 млн сомду түзгөн (+28,3 пайыз), сатуунун орточо аукциондук көлөмү 2,1 эсе, 114,9 млн сомго чейин жогорулаган.

Бюджет тартыштыгынын таза каржылоо өлчөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 295,7 млн сом өлчөмүндө калыптанган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде

[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

Финансы министрлиги тарабынан 217,2 млн сом суммасында (+7,5 пайыз) мурда эмитирленген МКВлардын ордун жабуу ишке ашырылган. Ушуга байланыштуу жыл башынан тартып айкын наркы боюнча сатуунун чогуу алгандагы көлөмүнө карата таза каржылоонун суммардык маанисинин катышы катары эсептелинген МКВ рыногунун натыйжалуулугу 0,0 пайызды түзгөн.

**3-график. МКВларды сатуу көлөмүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда жүгүртүүдө МКВлардын көлөмү 3,4 млрд сомго чейин жогорулаган (+11,5 пайыз): МКВларга негизги ээлик кылуучулардын – коммерциялык банктардын үлүшү 8,4 пайыздык пунктка, 49,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 49,9 пайызды (+8,7 п.п.), юридикалык жактардын-резиденттердин - 0,7 пайызды (-0,2 п.п.) түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКВлар менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралыгы | Орточо салмактанып алынган | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Июнь'2014 | 9,5 | - | 8,5 | 9,7 |
| Июль | 9,8 | - | 9,0 | 9,9 |
| Август | 9,9 | - | 9,4 | 10,1 |
| Сентябрь | 10,1 | 5,8 | 10,1 | 10,3 |
| Октябрь | 10,9 | - | 10,0 | 11,2 |
| Ноябрь | 11,2 | - | 10,2 | 11,3 |
| Декабрь | 11,1 | - | 10,6 | 11,2 |
| Январь'2015 | 11,3 | 4,6 | 11,2 | 11,5 |
| Февраль | 12,0 | - | 11,7 | 12,0 |
| Март | 12,9 | - | - | 12,9 |
| Апрель | 12,8 | - | 11,9 | 13,1 |
| Май | 12,7 | - | 11,9 | 13,2 |
| Июнь | 13,0 | - | 11,8 | 13,2 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*

**2-таблица. МКВ кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент жеке адамдар | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.07.2014 | 3 360 300,0 | 2 529 906,7 | 75,3% | 683 068,3 | 20,3% | 1 400,0 | 0,0% | 145 925,0 | 4,3% |
| 01.08.2014 | 3 393 700,0 | 2 515 653,0 | 74,1% | 814 382,0 | 24,0% | 1 400,0 | 0,0% | 62 265,0 | 1,8% |
| 01.09.2014 | 3 137 510,0 | 2 350 153,0 | 74,9% | 751 332,0 | 23,9% | 1 400,0 | 0,0% | 34 625,0 | 1,1% |
| 01.10.2014 | 3 060 110,0 | 2 175 413,0 | 71,1% | 822 132,0 | 26,9% | 1 400,0 | 0,0% | 61 165,0 | 2,0% |
| 01.11.2014 | 2 979 360,0 | 2 039 143,0 | 68,4% | 879 052,0 | 29,5% | 1 000,0 | 0,0% | 60 165,0 | 2,0% |
| 01.12.2014 | 3 036 650,0 | 1 797 448,0 | 59,2% | 1 180 052,0 | 38,9% | 1 000,0 | 0,0% | 58 150,0 | 1,9% |
| 01.01.2015 | 3 048 150,0 | 1 758 855,4 | 57,7% | 1 258 168,7 | 41,3% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.02.2015 | 3 084 670,0 | 1 763 575,4 | 57,2% | 1 289 968,7 | 41,8% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.03.2015 | 3 016 170,0 | 1 771 153,2 | 58,7% | 1 213 890,9 | 40,2% | 1 000,0 | 0,0% | 30 125,9 | 1,0% |
| 01.04.2015 | 3 045 170,0 | 1 737 808,8 | 57,1% | 1 281 075,3 | 42,1% | 1 000,0 | 0,0% | 25 285,9 | 0,8% |
| 01.05.2015 | 3 087 710,0 | 1 579 420,3 | 51,2% | 1 491 149,7 | 48,3% | 1 000,0 | 0,0% | 16 140,0 | 0,5% |
| 01.06.2015 | 3 066 260,0 | 1 559 035,7 | 50,8% | 1 490 034,3 | 48,6% | 0,0 | 0,0% | 17 190,0 | 0,6% |
| 01.07.2015 | 3 398 360,0 | 1 675 842,8 | 49,3% | 1 697 227,2 | 49,9% | 0,0 | 0,0% | 25 290,0 | 0,7% |